| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**31.03.2026-ж. № 01-09/6** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын прокурору И.К.Исмамбетовдун 17.03.2026-жылдагы Каршылык билдирүүсүнүн негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 12.08.2025 жылдагы №53/8-9 жана № 54/8-9, 17.01.2025-жылдагы №12/3-9 жана 08.04.2025-жылдагы №32/6-9 токтомдорун мыйзам талаптарына ылайык келтирүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын прокурору И.К.Исмамбетовдун 17.03.2026-жылдагы Каршылык билдирүүсүнүн негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 12.08.2025-жылдагы №53/8-9 жана № 54/8-9, 17.01.2025-жылдагы №12/3-9 жана 08.04.2025-жылдагы №32/6-9 токтомдорун мыйзам талаптарына ылайык келтирүү жөнүндө Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XV сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кара-Көл шаарынын прокурору И.К.Исмамбетовдун 17.03.2026-жылдагы Каршылык билдирүүсүнүн негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин төмөндөгү токтомдоруна өзгөртүү киргизилип, мыйзам талаптарына ылайык келтирилсин:
1) Кара-Көл шаардык кеңешинин 12.08.2025 жылдагы № 53/8-9 сандуу “Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2025-жылга иш планы жана бюджети жөнүндө” токтому боюнча:
- токтомдун преамбуласындагы “Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна, 10-беренесине” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесинин 1-пунктунун 8-пунктчасына, 3-пунктуна” деген сөздөр менен алмаштырылсын;
2) Кара-Көл шаардык кеңешинин 12.08.2025 жылдагы “54/8-9 сандуу “Жайыт пайдалануучулардын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 2025-2029-жылдарга 5 жылдык планы жөнүндө” токтому боюнча:
-токтомдун преамбуласындагы “Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинин, 3-пунктуна, 8-беренесинин 2-пунктуна” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесинин 1-пунктунун 8-пунктчасына” деген сөздөр менен алмаштырылсын;
3) Кара-Көл шаардык кеңешинин 17.01.2025-жылдагы № 12/3-9 сандуу токтому боюнча:
-токтомдун аталышындагы “Кара-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесин бекитүү жөнүндө” деген сөздөр
Кара-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди сунуштоо жөнүндө” деген сөз менен;
- токтомдун преамбуласындагы “ноябрындагы” деген сөз “декабрындагы” деген сөз менен;

- токтомдун 1-пунктундагы “Кара-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин” деген сөздөр “ Кара-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлер тиркемеге ылайык сунушталсын” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4) Кара-Көл шаардык кеңешинин 08.04.2025-жылдагы № 32/6-9 сандуу токтому боюнча:

- токтомдун аталышындагы “Кара-Көл участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамына көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесин бекитүү жөнүндө” деген сөздөр “Кара-Көл участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди сунуштоо жөнүндө” деген сөздөр менен;

- токтомдун преамбуласындагы “ноябрындагы” деген сөз “декабрындагы” деген сөз менен;

- токтомдун 1-пунктундагы “Кара-Көл участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамына көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин” деген сөздөр “Кара-Көл участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлер тиркемеге ылайык сунушталсын” деген сөздөр менен”

- токтомдун тиркемесинин башындагы “бекитилди” деген сөз “сунушталды” деген сөз менен алмаштырылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**31. 03.2026-ж. № 01-09/7** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 873, 76 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына административдик имарат куруу үчүн туруктуу пайдаланууга берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 873,76 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына административдик имарат куруу үчүн туруктуу пайдаланууга берүүгө макулдук берүү жөнүндө Кара-Көл шаардын мэринин орун басары К.Б.Туркбаевдин кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-статьясынын негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарынын Серый көчөсүндөгү жалпы аянты 873, 76 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына административдик имарат куруу үчүн туруктуу пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин.
2. Кара-Көл шаарынын мэриясы, муниципалдык менчик башкармалыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.
3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга, Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБна, ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**